**ОшМУнун Өзгөн эл аралык медициналык колледжинин тарбиялык иштердин 2022-2023-окуу жылынын үчүн отчету.**

2022-2023-окуу жылы үчүн Өзгөн эл аралык медициналык колледжинде 15 академиялык тайпа үчүн кураторлор бекитилип буйрук чыгарылган. 15 тайпага старосталар директор тарабынан буйрук менен бекитлген ошондой эле студенттик кеңеш жана акыйкатчы аппаратынын төрагалары курамы менен шайлоо жолу аркылуу танадалып дайындалды, студенттик кеңеш жана акыйкатчы аппараты үчүн натыйжалуу иш алып баруусу жана студенттерди колдоо максатында коллежде кабинет директор тарабынан бөлүнүп берилген. Тайпа кураторлору бир жылга кураторлук тайпасы үчүн иш-план түзүп циклдардын отурумунда каралып бекитилген. Студенттерди мекенчилдике тарбиялоо максатында 23-сентябрь мамлекеттик тил күнү, 7-ноябрь Ата-бабаларды эскерүү күнү ошондой Сталиндик репрессияга кабылган Кыргыздын чыгаан уулдары болгон Жусуп Абдрахманов, Касым Тыныстанов, Ишеналы Арабаев Төрөкул Айтматов жб арналган тегерек стол талкуулар өткөрүлдү. Студенттерди гуманизмге тарбиялоо максатында коллежде кайрымдуулук акциясы өткөрүлүп турат сентябрь айында каргашалуу Баткен окууясында биздин студенттер четте калбастан материалдык жана акчалай жардамдарын аябастан көрсөтүштү. 1-ктябрь эл аралык карыялар кунүнө карата жаштар кеңешинин структурасы жана коллеждин жаш октуучулары менен биргеликте окуу жайыбыздын ардегер окутуучуларына сый көрсөтүштү. Студенттердин дене-тарбиясын чыңдоо максатында тайпалар арасында спорттун бир нече түрү боюнча мелдештер өткөрүлдү. Мисалга алсак алсак 17-ноябрь студенттердин эл аралык күнүнө карата кыздар арасында спорттун волейбол түрү боюнча мелдеш, балдар арасында спорттун футбол түрү боюнча мелдештер өткөрүлдү. Байгелүү орундарды алган студенттер колледж тарабынан баалуу белектер жана дипломдор менен сыйланышты. Студенттерди улуттук руханий жактан тарбиялоо жана белгилүү инсандар менен жолугушуусун өткөрүү максатында Өзгөндүн чыгаан уулу болгон Гиннестин рекордтор китебине кирген чыгаан Манасчы Рысбай Исаков менен жолгушуу өткөрүлдү. Өзгөн районунда жана Өзгөн шаарында кандай гана маданий массалык спорттук иш-чаралар, ишембиликтер болбосун биздин колледждин студенттерисиз өткөрүлбөйт. 17-ноябрь студенттердин эл аралык күнүнө карата Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясынын башчысы Аким Абыкаев Шабдан Алмасбекович Өзгөн эл аралык медициналык колледжининин студенттери менен жолугушуусу өткөрүлдү. Ошондой Өзгөн шаардык кеңешинин төрагасы менен да жолугушуулар өткөрүлдү. Жетекчилер студенттерге окууларына ийгилик каалап өздөрүнүн белектери менен сыйлашты. Студенттерди стимулдаштыруу максатында Ош облустук дене тарбия жана спорт башкармалыгынын жыл жыйынтыгын чыгаруу

аземиде коллежибиздин студенттери түрлүү номинациялар дипломдор менен сыйланышты. Студенттерди маданий эстетикалык жактан тарбиялоо максатында жаңы-жылдык директордук бал өткөрүлдү, салтка айлангандай ОшМУнун ректорунун студенттер үчүн өткөрүлгөн жаңы-жылдык ректордук балга коллежибизден окуунун мыктылары коомдук маданий иштерге активдүү катышкан студенттер тандалып барып көңлдүү эс аалып келишти. Студенттерди мекенчилидике жана улуттуктук тарбияга тарбиялоо максатында 23-февраль Ата-мекенди коргоочулар күнүнө карата тайпалар арасында аскер оюндарынын мелдеши тайпалар арасында өткөрүлүп, мелдешке катышкан тайпаларга окуу жай тарабынана баалу белектер жана дипломдор тапшырылды. 3-март мамлекеттик туу 5- март Ак калпак күнү Өзгөн шаарына жогорку денгээлде өткөрүлүп майрамдык иш-чарага колледждин студенттери активдүү катышты. “21-март эл аралык Нооруз майрамы” Өзгөн райондук мамлекеттик администрациясы тарабынан өткөрүгөн иш-чарага колледждин окутуучулары улукттук тамак-аш көргөзмөсүндө 2-оорунду ээлеп студенттер майрамдык иш-чарага катышып байгелүү оорндарды камсыздашты. “9-май Жеңиш күнүнө” карата Өзгөн шаарында өткөрүлгөн өчпөс полк жүрүшүнө колледждин студенттери согуштун, эмгектин жана оруктун ардагерлеринин сүрөттөрүн алып чыгып өчпөс полк жүрүшүнө активдүү катышты.Денисак улут- Өнүгүп жаткан өлкө атту улукттук денсоолук программасын ишке ашыруу максатында коллежде студенттер арасында спорттук бирне түрү боюнча мелдештер өткөрүлүп келет алар 7-апрель Бүткүл Дүйнөлүк ден-соолук күнүнө карата спорттун жеңил атлетика, волейбол тогуз коргоол жана стол тениси боюнча мелдештер өткөрүлдү. Студенттердин бош убактынсын туура өткөрүү үчүн Өзгөн шаарындагы Айчүрөк кинө театрында коюлган Кыргыз керемети аталган кинолорго студенттер сабактан кийинки убактысында кино көрү шарттары түзүлгөн.

Тарбия иштерия боюнча
директордун орун басары: Э.С.Каримбаев